КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУНУН
ТАЛАС РАЙОНУНУН
КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
КУУГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУУГАНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кууганды айыл аймагынын айылдык Кеңешинин**
**8-чакырылышынын кезексиз сессиясынын**

**2023-жылдын 24-майы №33** **Үч-Эмчек айылы**

**Жол курулуш жана көпүрө ондоо иштерине гравий алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы "2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө" №221 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын "Автомобиль жолдору жөнүндө" мыйзамынын 5 бөлүмүнүн 35-статьясы "Кыртыш карьерлерин, резервдерди жана жергиликтүү курулуш материалдары алынуучу карьерлерди уюштуруу", Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2021-жылдын 26-июлундагы №198 "Жолдорду куруу жана оңдоо иштеринде карьерлерди пайдаланууга укук алуу" тууралуу буйругун жетекчиликке алып, Кууганды айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. №36 жол тейлөө мекемесинин 0,5 км чакырым жолго гравий төшөө үчүн, асфальт басуу иштери толугу менен бүткөрүлгөнгө чейин жана Арал-Чоңөр-Луговое жолундагы чоң көпүрөнү оңдоого гравий алууга Кууганды айыл аймагынын Кууганды өзөнүндөгү Кызыл таштын жаны, Тегерек өзнүнүн сайы көрсөтүлсүн.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы Б.Молдокуловго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Ф.К.Токушев**